КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
АКСЫ РАЙОНУ
КЕРБЕН ШААРДЫК КЕНЕШИ
720600 Кербен ш. Ныязалы көчөсү № 1
тел.: (0-3742) 5-02-39

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
АКСЫЙСКИЙ РАЙОН
КЕРБЕНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ
720600 г.Кербен ул.Ныязалы № 1
тел.: (0-3742) 5-02-39

1-октябрь 2026 - жыл **№ 19/1** Кербен шаары

Аксы районунун Кербен шаардык кенешинин
IX чакырылышынын кезексиз он тогузунчу сессиясы

Т О К Т О М

Кербен шаарынын жергиликтүү Курултайын өткөрүүнү уюштуруу жөнүндө

Мамлекеттик башкаруунун ачыктыгын, айкындуулугун жана эл менен байланышын чыңдоо максатында КР Президентинин 2026-жылдын 3-сентябрындагы « Элдик Курултайды чакыруу жөнүндө » № 309 Жарлыгына негиз Мыйзамдуулук, регламент,этика, социалдык, маданий, билим берүү жана саламаттык сактоо боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 29-сентябрындагы № 19-токтомуна негиз “ V Элдик Курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча иш чаралардын календардык планын” карап жана талкуулап чыгып, Кербен шаардык кеңешинин IX- чакырылышынын кезексиз он тогузунчу сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ :

1. Кербен шаарынын жергиликтүү Курултайы 2026-жылдын 24-октябрына саат 10-00гө чакырылсын.
2. Кербен шаарынын жергиликтүү Курултайынын курамы калктын санына ылайык 150 делегаттан турары белгиленсин.
3. Кербен шаарынын жергиликтүү Курултайын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы- 5 адамдан бекитилсин. (№ 1-тиркеме).
4. Жергиликтүү жамааттар арасында делегат шайлоо боюнча жыйындар 2026-жылдын 7-8 октябрында графикке ылайык өткөрүлсүн жана өкүлчүлүктүн нормалары калктын санына жараша бөлүнөрү эскертилсин. (№ 2-тиркеме)
5. Кербен шаарынын мэриясына Курултайды уюштурууга, жумушчу топко ар тараптуу көмөк көрсөтүүгө жана белгиленген мөөнөттө графикке ылайык жыйындарга калктын келүүсүн, жыйын өтүүчү жайды тиешелүү аппараттар менен камсыздоо жагы милдеттендирилсин.
6. Бул токтом мамлекеттик реестрге киргизүү жана каттоо үчүн Жалал-Абад областтык юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.
7. Токтом «www.kerben.aksy.kg» веб-сайтында жарыялангандан кийин күчүнө кирет.
8. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

Кербен шаардык кеңешинин төрагасы: **А.Базарбаев**